УДК: 930/390
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/2-16-23

**Алыкулова Г.К.**
тарых илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
alykulova1973@mail.ru
**Самиева Ж.Д.**
тарых илимдеринин кандидаты, профессордун м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Момунбекова А.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# ЕНИСЕЙЛИК КЫРГЫЗДАРДЫН ТЯНЬ-ШАНГА ЖУРТ КОТОРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ ОКУМУШТУУЛАРДЫН ИЗИЛДӨӨЛӨРҮНДӨ

**Аннотация:** Төмөндөгү макалада Енисейлик кыргыздардын Тянь-Шанга журт которуп, көчүп-конушу тууралуу маселеге арналган окумуштуулардын эмгектерине сарасеп салууга аракеттер жасалды. Албетте кыргыздардын экинчи ата-мекени болгон Минусин ойдуңуна байланышкан талаш-тартышты жараткан бул маселе дагы да көп изилдөөлөрдү талап кылат. Өзүбүздүн тарыхнаамелик изилдөөбүз жана жалпы топтолгон жыйынтыктар боюнча алганда, азыркы учурдагы Борбор Азиядагы ар бир калктын этникалык тарыхы байыркы жана орто кылымдарда ушул аймактарды мекендеген калктар менен сөзсүз түрдө байланыштуу. Анын үстүнө ушул мезгилге чейин Кыргызстанда бул проблеманын жай изилденип келишинин себептеринин бири – “орто кылымдарга чейинки археологиялык табылгалардын этникалык тиешелүүлүгүн аныктоонун татаалдыгы болуп саналат” деп айткан окумуштуу Кубатбек Табалдиевдин пикирине кошулууга болот. Ошондуктан макалада кайчы пикир жараткан кээ бир маалыматтарды талдоого алып, жарыкка чыгарууну туура көрдүк.

**Негизги сөздөр:** Тянь-Щань, Енисей, кыргыздар, Саян-Алтай, журт которуу, көчмөн, Минусин, Сибир, маданият, уруу, этноним, этногенез.

**Алыкулова Г.К.**
кандидат исторических наук, и.о. доцента
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
alykulova1973@mail.ru
**Самиева Ж.Д.**
кандидат исторических наук, и.о. профессора
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Момунбекова А.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева

г. Бишкек

## ПРОБЛЕМЫ ПЕРЕСЕЛЕНИЯ ЕНИСЕЙСКИХ КЫРГЫЗОВ В ТЯНЬ-ШАНЬ В ТРУДАХ УЧЕНЫХ ИССЛЕДОВАТЕЛЕЙ

**Аннотация:** В представленной ниже статье предпринята попытка обобщить труды ученых, посвященные вопросу расселения и переселения енисейских кыргызов в Тянь-Шань. Конечно, этот спорный вопрос, связанный с Минусинской котловиной, второй родиной кыргызов, требует дополнительных исследований. Согласно нашим историографическим исследованиям и общим результатам, этническая история каждого населения Центральной Азии однозначно связана с народностями, населявшими эти регионы в древности и средневековье. Кроме того, можно согласиться с мнением ученого Кубатбека Табалдиева, который заявил, что одной из причин медленного исследования этой проблемы в Кыргызстане до сих пор является «трудность определения этнической принадлежности археологических находок досредневековья». " Поэтому мы решили проанализировать и выявить в статье некоторые спорные сведения.

**Ключевые слова:** Тянь-Шань, Енисей, кыргызы, Саяно-Алтай, перемещение, кочевник, Минусин, Сибирь, культура, племя, этноним, этногенез.

**Alykulova G.K.**
Candidate of Historical Sciences, acting associate professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
alykulova1973@mail.ru
**Samieva Zh.D.**
Candidate of Historical Sciences, acting professors
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Momunbekova A.**
Master's student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## PROBLEMS OF RESETTLEMENT OF THE YENISEI KYRGYZ TO TIAN-SHAN IN THE WORKS OF SCIENTIFIC RESEARCHERS

**Abstract:** The article presented below makes an attempt to summarize the works of scientists devoted to the issue of resettlement and resettlement of the Yenisei Kyrgyz in the Tien Shan. Of course, this controversial issue related to the Minusinsk Basin, the second homeland of the Kyrgyz, requires additional research. According to our historiographical research and general results, the ethnic history of each population of Central Asia is uniquely connected with the peoples who inhabited these regions in ancient times and the Middle Ages. In addition, one can agree with the opinion of scientist Kubatbek Tabaldiev, who stated that one of the reasons for the slow research of this problem in Kyrgyzstan is still “the difficulty of determining the ethnicity of pre-medieval archaeological finds.” “Therefore, we decided to analyze and identify some controversial information in the article.

**Key words:** Tien Shan, Yenisei, Kyrgyz, Sayan-Altai, movement, nomad, Minusin, Siberia, culture, tribe, ethnonym, ethnogenesis.

Түштүк Сибирди жана Борбордук Азияны эки миң жылдай байырлаган, согушчан, өжөр түрк тилдүү көчмөн эл болгон кыргыздардын байыркы жана орто кылымдардагы тарыхындагы окуялар алардын тарыхый тагдырын козгогон изилдөөчүлөрдү кайдыгер калтырбай азыркы кунгө чейин дагы деле актуалдуу маселе болуп келе жатат.

Б.з.ч. III-кылымдын аягында Борбордук Азиядагы саясий күрөш аренасына чыккан жаңы доорго чейин кыргыздар өзүнүн кийинки узак жана коогаландуу тарыхында өз эркиндигин коргоп, хунндардын, жуан-жуандардын, түрктөрдүн, сейянтолордун, уйгурлардын, кидандардын, монголдордун ж.б.  күчтүү көчмөн империялары менен Борбордук Азия чөлкөмүндө гегемония үчүн күрөшүшкөндүгү тарых беттеринде дайыма ачыкталып келет.

Албетте узак күрөшүүлөрдүн натыйжасында Енисей кыргыздарынын жеңиштүү мезгили IX-кылымга туура келет. Уйгурлардын коргонуу тосмолорун бузуп өтүп, кыргыздар Орто Азиянын талаа мейкиндигин багындыруу менен Байкалга, Манчжурияга, Кытайга, Алашанга, Чыгыш Түркстанга, Иртыш аймагына жана Обь чөлкөмүнө согуштук тууларын көтөрө алган. Сибирь тайганынын чегинен Тянь-Шандын түндүк булактарына чейинки Азия талаалары Кыргыз каганатынын курамына кирген. Бул мезгилди кыргыз тарыхынын көрүнүктүү адиси, чыгыш таануучу академик В.В. Бартольд «Кыргыздын улуу державасынын» доору деп атаган өзүнүн эмгегинде [1]. Бул аталышка байланыштуу Кыргыз тарыхында атайын тема катары IX-X- кылымдарды Кыргыз Улуу Дөөлөтүнүн мезгили деп окутулуп келе жатат.

Бирок, бул болуп көрбөгөндөй таң калтырган ийгиликтер жаңы доордун эки миңинчи жылдыктардын башында кыргыздардын алсызданышына себеп болгон. Анткени, Иртыштан Амурга чейинки Азия талааларынын эбегейсиз мейкиндигинде отурукташып, айрым ордолордун ортосундагы үзгүлтүксүз байланыштардын жоголушу, сансыз согуштарда аскерлеринин көбүн жоготуп койгон кыргыз каганаты, чыгыштан жылып келген монгол тилдүү уруулар: кидандар, наймандар, монголдордун кысымына туруштук бере албай чачыроого туура келген. Кыргыздардын өзүнчө этностук топтору алыскы жерлерге отурукташып, уруулук бирдик катары бир катар түрк жана монгол тилдүү элдердин курамына кирген.

Ошол эле учурда, тайга чөлкөмдөрүнөн кыштымдардын мергенчилик уруулары ошондой эле Борбордук Азиядан кээ бир көчмөн уруулар бош калган Минусин ойдуңунун талааларына көчүп кирип келе баштаган. Тайгадан келген келгиндер жайыт маданиятын өздөштүрүп, малчылыкты чарбасын калыптандырып,  түрк тилдерин өздөрүнө сиңирип, Минусун талаа аймактарынын бир бөлүгүнө отурукташкан.

X-кылымда кидандардын монгол талааларына чабуулунан кийин бирдиктүү кыргыз этникалык массив экиге бөлүнгөн. Кыргыздардын бир бөлүгү Саян-Алтайда калып, кыштым урууларын өз карамагына бириктирген. Кыргыздардын дагы бир тобу Чыгыш Түркстанда калып, Чыгыш Тянь-Шандын түндүк капталдарын мекендеген. Ошентип, кыргыз мамлекети өзүнчө княздыктарга бөлүнүп кеткен. XIII-кылымдын башында Чынгызхан жиберген монгол атчан аскерлеринин кубаттуу күчү Енисейдин жогорку агымына жакындаганда, монголдорго олуттуу каршылык көрсөтө албаган кыргыз княздыктары баш ийүүгө мажбур болушкан. Мындан кийин кыргыздар Моңгол империясынын эбегейсиз мейкиндигинде чачыранды

абалда калышкан. Кыргыз аскер отряддары Каракорумда, Түндүк Кытайда, Манчжурияда кызмат өтөп, Чыңгыздардын өз ара согуштарына катышкан. Ал эми Моголстанда XV-кылымда Батыш Тянь-Шанда түркстандык кыргыздардын этникалык тобу күчтөнүп, азыркы кыргыз элинин курамынын өзөгүн түзгөн.

Енисейдеги кыргыздар XYII кылымда төрт хандыкка бөлүнүп, алар халха-монголдор менен жунгарларга вассалдык көз карандылыкта болгон. XVIII-кылымдын башында ойраттар орус мамлекетинин кысымы астында Енисей кыргыздарын Жунгарияга алып кетишкен. Жунгарлар манжурлардан талкалангандан кийин кыргыздардын бир бөлүгү Манчжурияга көчүрүлүп, бир бөлүгү калмактар менен бирге Поволжьеге качып, азыркы Саян-Алтай, Казакстан жана Поволжье элдеринин курамына кирген [7].

Мындай ары да кызыктуу жана ар турдүү окуяларга бай кыргыз тарыхынын, кыргыз этноними жана этногенези Европа, Россия, Кытай жана Түркиянын тарыхчыларынын, археологдорунун жана этнографтарынын көңүлүн көптөн бери буруп келет. Постсоветтик мезгилде тактап айтканда акыркы отуз жылда кыргыз окумуштуулары ар кайсы доорлордун тарыхый хроникаларында чачырап кеткен маалыматтарды, археологиялык казуулардын жыйынтыктарын, фольклордук материалдарды, Саян-Алтай менен Тянь-Шандын түпкү калкынын топонимикасын жана уруулук курамын, экономикасынын, рухий маданиятынын, аскердик искусствосунун өнүгүү деңгээлине баа берүү, кыргыздардын этникалык тарыхынын негизги этаптарына көз салууга жана тарыхый окуялардын схемасын калыбына келтирүү үчүн абдан чоң аракеттерди кылууда. Кыргыз тарыхынын татаал, кээде башаламан маселелерин чечүү Борбордук Азиянын бүткүл көчмөн цивилизациясынын тарыхый тагдырларын түшүнүү жана Саян-Алтайдагы түрк элдеринин маданиятынын калыптанышы үчүн маанилүү болгон енисей кыргыздарынын тян-шанга журт которуу, кыргыздардын келип чыгышы тууралуу маселелер окумуштуулар тарабынан байма бай изилденип дагы деле аягына чыга элек.

Енисей кыргыздарынын Тянь-Шанга журт которушу тууралуу дегеле Енисей кыргыздарынын тарыхына кайрылган көптөгөн окумуштуулардын баш сабында кыргыз, орус окумуштуулары тураарын баса белгилеп кетсек.

XVI-кылымдын аягы XVIII-кылымдын башындагы Енисей кыргыздарынын тарыхынын маселелери жана Минусинск крайынын Россияга кошулушу тууралуу маселелер Н.Н. Козьминдин, С.В. Бахрушиндин, Л.П. Потаповдун, К.Г. Копкоевдин, А Абдыкалыковдун, А.Арзыматовдун эмгектеринде чагылдырылган. Бул авторлордун негизинен орус архивдеринен алынган орус тарыхый документтерге, этнографиялык булактарга таянышкан.

1994-1996-жылдары «Страницы истории и современность» аттуу жаңы сериялык басылманын эки брошюрасы жарыкка чыккан, алар Хакасия Республикасынын Министрлер Совети тарабынан түзүлгөн «туруктуу изилдөө бөлүмү» болгон Хакас археологиялык экспедициясы тарабынан басылып чыккан [12]. Бул колдонмодо енисей кыргыздарынын маданияты, салт-санаасы, башка элдер менен байланыштары жана социалдык-экономикалык абалы тууралуу тарыхый-салыштыруу анализи менен кеңири берилген.

Сибирь жана Орто Азиядагы түрк тилдүү элдердин оозеки элдик чыгармачылыгынын эстеликтерин, динин жана коомдук түзүлүшүн изилдөөдө өзгөчө орунду академик В.В. Радлов ээлейт [11]. Анын ишмердүүлүгү дүйнөлүк түркологиянын тарыхынын доорун түзгөн. Ал өзүнүн китебинде кыргыздардын тарыхына болгон көз карашын, уруулук курамы жөнүндө баалуу маалыматтарды баяндаган. Алтайлар менен кыргыздардын бир катар этнонимдеринин окшоштугун белгилеп, ошол эле учурда кыргыздардын Енисейден жана Алтайдан Тянь-

Шанга кеч көчүрүлүшү жөнүндөгү айрым изилдөөчүлөрдүн айткандарынын жүйөлүүлүгүнөн күмөн санаган пикирлерин билдирген. В.В.Радлов кыргыз фольклорун ийне-жибине чейин изилдеп, эгерде кыргыздар Енисейден Тянь-Шаньга кийинчерээк көчүп келишкен болсо, анда бул окуя элдик оозеки чыгармачылыктын эстеликтеринде чагылдырылмак деген жыйынтыкка келген. Мына ушул тезиске таянып, ал IX-X-кылымдарда Кыргыз каганатынын күчөшүндө кыргыздар Минусин ойдуңунан Тянь-Шаньга же XIII-кылымда Орто Азияны монголдор басып алуу учурунда көчүп келишкен деген пикирди айткан.

Бул маселелерге көрүнүктүү чыгыш таануучу В.В.Бартольд ар кандай жазма булактардан алынган маалыматтарды салыштырып талдап, байыркы доордон XIX-кылымдын аягына чейин кыргыздардын саясий жана этникалык тарыхы боюнча биринчи жалпылоочу тарыхый эмгекти жазган. В.В. Бартольд [2] да бул элдин калыптанышын енисейлик кыргыздардын Тянь-Шанга көчүрүлүшү менен байланыштырган миграциялык версияга ыктаган.

В, В. Бартольд жазма булактардагы маалыматтардын ыраатсыздыгын жана бытырандылыгын эске алып, ал енисейлик кыргыздардын Тянь-Шанга көчүп-конуусунун бир нече этаптары болушу мүмкүндүгүн мойнуна алган. Ал Тянь-Шаньга болгон кыймылдын биринчи толкунун IX-кылымдын ортосуна даталайт. Анын пикиринде, бул процесс Чыгыш Түркстанга барган уйгурларды куугунтукка алуу менен байланышкан жана Кулжа аймагы аркылуу болгон.

Бирок, В.В.Бартольд Н.А.Аристов менен полемикага түшүп, Гардизинин «Худуд ал-алам» жана «Зайн ал-ахбар» китебиндеги маалыматтар ушунчалык кеңири берилгендигин жана эгерде кыргыздар IX-X-к. Жети-Сууда компакттуу жашаса бул жөнүндө албетте укмакпыз деп өз оюн баса белгилейт.

В.В.Бартольд өзүнүн башка эмгегинде IX-кылымдагы кыргыздардын Тянь-Шанда болушунун кыска мөөнөтүнө дагы көбүрөөк көңүл бурат [3, 72-б.]. Анын пикиринде, кыргыздардын Тянь-Шаньга көчүрүлүшүнүн кийинки этабы кидандардын жана монголдордун батышты көздөй жылышы менен байланыштырылышы мүмкүн, бирок ал бул маселе боюнча булактардан тике далил жок экенин белгилейт. В.В. Бартольд кыргыздардын тарыхы боюнча акыркы эмгегинде XV-кылымдан эрте экенин өзгөчө баса белгилейт. Тянь-Шаньга эч кандай массалык миграция жөнүндө сөз болушу мүмкүн эмес. Ошентип, ал IX-кылымдан баштап кыргыздардын Жети-Сууга көчүрүлүшүнүн бир нече этаптары болушу мүмкүндүгүн мойнуна алганы менен, кыргыз урууларынын акыркы массалык көчүүсү XV-кылымда гана болгон деп эсептеген. Тянь-Шанда бул элдин калыптанышында чечүүчү роль ойногон.

Ал эми окумуштуулар А.Н. Бернштам [4], Э.Ж. Маанаев[10] жана башка изилдөөчүлөр кыргыз урууларынын Енисейден Тянь-Шаньга көчүп келүү процессин туруктуу көрүнүш катары көрсөтүп, кыргыздардын көчүнүн биринчи толкуну кыймылдын жалпы батыштагы көчмөн хунну урууларынын агымында жаңы доордун бурулушунан башталган деп эсептешет. Андан кийин IX-кылымдан баштап бул процесс моңголдор доорунда күчөп, бара-бара өчүп кеткен. Кыргыз элинин келип чыгышы жөнүндө өзүнүн этногенетикалык курулуштарында А.Н. Бернштам өзүнөн мурункулардын гипотезаларына таянып, кыргыз урууларынын Сибирден Тянь-Шанга көп этаптуу көчүүсү идеясын алдыга сунуштаган:

а) хунндардын курамында (б. з. ч. 47-жыл);

б) Түрк каганаттары доорунда (VI-X кылымдар);

в) IX-кылымдын орто ченинде «Кыргыздын улуу державасынын» алгачкы этабында.

Бирок, Тянь-Шандын аймагындагы кыргыз урууларынын саны, анын ою боюнча, моңголдор басып алуу мезгилинде да бул жерде улуттун калыптанышына жетишсиз болгон [5, 121-134-б].

А.Н.Бернштам алгачкы эмгектеринде миграция концепциясына берилгендигине карабастан, өмүрүнүн аягында кыргыз элинин калыптануу процесси моңголдордон кийинки мезгилде да уланып, урууларга жаңы этностор кирген деген жыйынтыкка келген. Ошондуктан 16-кылымда гана Моголстан мамлекети кыйрагандан кийин, анын пикири боюнча, Тянь-Шанда бул элдин калыптануу процесси аяктаган. Ушуга таянып, ал «кыргыздар Тянь-Шаньдагы мурункулардын бардык маданий жетишкендиктеринин мурасчылары жана улантуучулары болуп саналат, алардын айрымдары курамдык бөлүгү катары азыркы кыргыз элинин курамына кирген» деп эсептеген [6, 21-б.]. Тилекке каршы, А.Н. Бернштамдын мындай маанилүү тыянагы, аны миграция теориясынын ырааттуу жактоочусу деп эсептеген көптөгөн тарыхчылардын көз жаздымында калган.

О.Караев, Ю.Худяков жана Т.Чороев азыркы кыргыздардын ата-бабалары IX-кылымдын орто ченинде, «Кыргыздын улуу державасы» доорунда Енисейден Тянь-Шанга көчүп келишкен деген көз караштты карманышат [8, 35, 52-54-б].

XIX-кылымда иштелип чыккан бул концепция үч негизги пункттан турат:

а) кыргыздар «кыргыз» этникалык аталышы булактарда биринчи жолу кездешкен Енисейде байыркы заманда пайда болгон;

б) Енисей кыргыздары IX-кылымда мамлекеттүүлүгүн чыңдап, өнүктүргөн. Орто Азиянын аймагын ээлеп, аны Кыргыз каганатынын курамына киргизген; в) Каганат түзүлгөндөн кийин көп өтпөй Енисейлик кыргыздардын олуттуу бөлүгү белгисиз себептерден улам өз мекенин таштап, Тянь-Шаньга көчүп келип, ошондон бери ушул аймакта жашап келишет. Демек, бул авторлор Енисей жана Тянь-Шань кыргыздарынын толук бирдейлигин жактагау топтор болуп эсептелет.

Ошондой эле, уруулук жактан далилдөө аркетин жасаган кээ бир окумуштуулардын изилдөөсүндө, “Енисей кыргыздарынын үйлөрү кийиздер (туурдуктар) менен жабылган, алар эт жана бээнин сүтү менен тамактанышып, үйлөнгөндө калыңды жылкы жана койлор менен беришкен. Бул маалыматтар тяньшандык кыргыздардын боз үйүнө окшош. Кыргыз элинин этникалык составындагы уруу-уруктардын аттарынын негизинде алардын этногенезин Минусин ойдуңу менен байланыштырса болот. Енисей кыргыздарынын алты сары, жети сары уруулары болгон. Жети сары – алтайлыктардын жана тувалардын уругу болгон. Демек, саруулар Енисей кыргыздарынын бир бөлүгүнүн Тянь-Шанга көчүп келгендигин далилдейт. Кыргыз аттуу урук алтайлыктардын жана тувалыктардын этникалык курамында бар”[13].

Мындай пикирдеги жыйынтыктарды Тянь-Шандык кыргыздар менен Саян-Алтай элдеринин этникалык курамындагы уруу-уруктарынын окшоштугу жөнүндө Л.П. Потаповдун эмгектеринде төмөндөгүдөй берилген: IX-X-кылымдарда Енисей кыргыздарынын урууларынын көчүп жүргөн жерлери Туванын, Тоолуу Алтайдын, анын чет жакаларына чейинки аймакты камтыган. Жергиликтүү калктын Енисей кыргыздары менен аралашып кетишин алтай тилинин, фольклорунун материалдары жана кээ бир окшош этнонимдер аныктайт.

Дегеле, Тянь-Шань кыргыздарынын жана Алтай тараптагы элдин жашоо тиричилиги да азыркы күндө өздөрүнүн тамак аштагы аталыштары жана данадан жасалышынын окшоштугу менен да жакындашып турат.Аталаны, көжөнү, жарманы, максымды, чабатыны, көөлөнгөн талканды, мыкчыманы, жупканы, кесмени, куурма түймөчтү, үзмө ашты,

күлазыкты, арпа-күрүчтү, буудай-күрүчтү, кызыл күрүчтү, гүлчөтайларды, шөөлаларды, оромолорду, боорсокторду, челпектерди, каттамаларды, каттамаларды, токочторду жана анын түрлөрүн жасоодо дан азыктары негизги азык (компоненти) катары пайдаланылган [9].

Бул маселе боюнча кыргыз археологдорунун пикирлерин да эске ала турган болсок, мисалы, окумуштуу Кубатбек Табалдиев "археологиялык изилдөөлөрдүн тарыхына кайрылсак, бул маселени белгилүү археолог, профессор А.Н.Бернштам алгачкылардан болуп талдаганга аракеттенген. Талдоо үчүн Кочкор жергесинен кокусунан табылган күмүштөн жасалган торчолуу-оймо бастырмаларын пайдаланып, алардын Энисейдеги Кепен чаатасындагы алтын кумуралардагы торчолуу оюулар менен салыштырган. Оюулардын сюжет-композициялары, мүнөзү, жасалыш ыкмалары Энисейлик уздарга жакын деп эсептеп, алардын келип чыгышын Чыгыш Түркстан аркылуу IX-X кылымдарда Теңир-Тоого келген кыргыздар менен байланыштырган. Табылгаларда Чыгыш Түркстан, Кытай таасири бар, ошол эле учурда барстын келбетине карап, жергиликтүү сак маданиятынын, жергиликтүү элдердин маданиятынын ширелишкен үлгүлөрүн көргөн.

Ушул эле эмгегинде окумуштуу Нарын шаарынын батыш тарабындагы Аламышык көрүстөнүнөн казылган жылкы менен бирге көмүлгөн көрүстөндү жана үч адам бирге көмүлгөн көрүстөндү Энисейлик кыргыздар менен байланышы бар деп эсептеген. Орто кылымдагы кыргыздардан тышкары А.Н.Бернштам байыркы кыргыздар тарыхый жактан гунндар менен байланыштуу болгон соң, гунндардын учурундагы Кеңкол тибиндеги катакомба эстеликтерине көңүл бурушубуз керек, байланыш бар. Теңир-Тоо кыргыздары ушул гунн-түрк алкагында калыптанган, алардын жерине келүү менен этникалык массивин ичине сиңирген деп эскертет" дейт өз макаласында [14].

Жалпылап айтканда кыргыздардын азыркы ээлеп турган аймагы жана өз мекени экендиги боюнча чыгарылган бүтүмдөр дагы деле көпчүлүктүн ой чордонунда. Анткени бул маселеге чекит коюуу дагы да узак изилдөөлөрдү талап кылаары ачык экендиги жалпыбызга белгилүү.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Аристов н.А. Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей. // Живая старина. 1896. N 3-4. – С. 285.
2. В.В. Бартольд. Киргизы (Исторический очерк) // – Фрунзе: 1927. – 57 с.
3. Бартольд, Василий Владимирович (1869-1930). Туркестан в эпоху монгольского нашествия / В. В. Бартольд. – Санкт-Петербург : тип. Имп. Акад. наук, 1898 – 1900. Ч. 2 : Исследования. – 1900. – VIII, 573, [2] с. – Указатель цит. книг и рукописей: – С. 558-573
4. Бартольд В.В. Б 25 Тюрки: Двенадцать лекций по истории турецких народов Средней Азии. – Алматы: Жалын,1993. – 192 с.
5. Бернштам А.Н.. К вопросу о происхождении киргизского народа. // СЭ. 1955. №2. – С. 16-26.
6. Бернштам А.Н Саки Памира.// ВДИ. 1956. №1. С. 121-134.
7. Бернштам А.Н.. Сложение тюркоязычного населения Средней Азии и происхождение киргизского народа. // Тр.КАЭЭ. Т. III. Фрунзе: 1959. С. 17-22.
8. Бутанаев В.Я., Худяков Ю.С. Б93 История енисейских кыргызов. – Абакан: Издательство Хакасского государственного университета им. Н.Ф. Катанова, 2000. – 272 с.
9. Вопросы этнической истории киргизского народа. // Фрунзе: «Илим». 1989. 144 с. ISBN 5-8355-0354-7. Отв.ред. О. Караев, И. Молдобаев.

10. Куттубекова В.М. Омурбеков Ч.К. Чүй жана Талас өрөөндөрүндө жашаган кыргыз үй-бүлөөлөрүнүн XX-кылымдын 20-50-жылдарындагы тамактануу үлгүсү (модели) [Текст] / В.М. Кттубекова // Вестник КГУ им. И Арабаева. – 2019.-№3. – С. 7- 14.
11. Маанаев Э.Ж. к вопросу о переселении киргизов на Памир //Материалы по истории и экономике Киргизии. – Фрунзе: Изд-во АН Кирг. ССР, 1963. С. 75-77
12. Радлов, Василий Васильевич (1837-1918). Образцы народной литературы тюркских племен, живущих в Южной Сибири и Дзунгарской степи [Электронный ресурс] : [на языках подлинников] . Ч. 3 : Киргизское наречие. – Санкт-Петербург, 1870 (2016). – XXVI, 776, 711-712 с.
13. Страницы истории и современность. – Абакан-Москва, 1994. – Вып. I, Страницы истории и современность. – Абакан-Москва, 1996. • Вып.2.
14. Енисей кыргыздарынын тян-шанга көчүп келиши. file:///C:/Users/User/Downloads/NSU_ESEHALIEVA1.pdf
15. Кубатбек Табалдиев: Энисей Ысык-Көлгө куят https://ruhesh.kg/ky/category/show/news/2530/kubatbek-tabaldiev-enisey-isik-kolgo-kuyat


**Рецензент: тарых илимдеринин доктору, профессор Каана Айдаркул**